КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛАСТЫ
КАДАМЖАЙ РАЙОНУ
ОРОЗБЕКОВ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
ОРОЗБЕКОВСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Орозбеков айылдык кенешинин VII чакырылышынын кезексиз жыйырма экинчи сессиясы**

Орозбеков айылы 2023-жылдын 04-октябры

# ТОКТОМ № 139

**Орозбеков айыл аймагындагы асылдуулугу төмөн жерлерди өздөштүрүүгө берүү жөнүндө**

Күн тартибиндеги маселе боюнча Орозбеков айыл өкмөтүнүн башчысы З.Н.Максутовдун билдирүүсүн угуп жана талкуулап, Кыргыз Республикасынын Өкмөтунун 2007-жылдын 22-июнундагы “Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүүнүн шарттары жана тартиби жөнүндөгү типтүү жобо тууралуу” №243 токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндөгү Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 21-январындагы № 26 токтомуна негиз, айыл аймакта кошумча жерлерди өздөштүрүү ,жумуш орундарын тузүү максатында, Орозбеков айылдык кенеши **токтом кылат:**

1. Орозбеков айыл аймагындагы асылдуулугу төмөн жерлерди өздөштүрүү үчүн мындан ары аймактын жарандарына 1гектардан ашпаган жер аянты берилсин. Өздөштүрулгөн 0.01га жер аянтына 30(отуз) сомдон ижара акысы белгиленсин.
2. Мыйзам чегинде ушул токтомду аткаруу жагы айыл өкмөтүнө жүктөлсүн.
3. Ушул токтомду көзөмөлдөө жагы айылдык кенештин бюджет, экономика маселелери боюнча жана жер, агрардык маселелер боюнча туруктуу комиссияларына тапшырылсын.

**Төрага:** **О.Ибрагимов**